*УДК:373. 2*

*Турусбекова А. Э.*

# КЫРГЫЗ ПЕДАГОГИКАСЫНДА МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ТАРБИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧҮҮНҮН ЭМГЕКТЕРДЕ БЕРИЛИШИ

*Турусбекова А. Э.*

# РЕШЕНИЕ ПРОБЛЕМ ДОШКОЛЬНОГО ВОСПИТАНИЕ В ТРУДАХ КЫРГЫЗСКОЙ ПЕДАГОГИКИ

***A. E Turusbekova***

# SOLUTIONOFTASKS IN WORKS OF PRESCHOOLEDUCATION IN THE KYRGYZPEDAGOGY

**Анотация:** Мектепке чейинки тарбиялоо маселеси боюнча профессор М. Р. Рахимованын эмгектерине кыскача анализ берилди. Жаш мугалимдер жана тарбиячылар үчүн маселелерди чечүүдө кандай эмгектерден усулдук көрсөтмөлөрдү таба ала тургандыгыбоюнча кеп кеңештер берилди.

**Негизги сөздөр**: педагогика, жаш мугалим, тарбия, мектепке чейинки тарбия, тажрыйба, педагогикалык эмгектер, педагогикалык инновация, социалдык педагог, эмгектерге анализ, педагогиканын тарыхы.

**Анотация:** В данной работе проведен краткий анализ трудей профессора М. Р. Рахимовой по проблема дошкольного воспитания. Даны рекомендации молодым специалистам по отбору трудов и руководств для решения задач воспитания.

**Ключевые слова:** Педагогика, подготовка учителей и дошкольного образования, опыт работы, педагогическое исследование, педагогические инновации, социальный педагог, исследования и анализ, история педагогики.

**Annotation:** For the young teachers and kindergarteners were given advices how to solve problemswith methodological guidelines. Shots analysis was given to the work of Professor Rakhimova about nursery education.

**Keywords:** pedagogy, training of preschool educationteachers, workexpenence, pedagogicalresearch, pedagogical innovations, social care teacher, research and analysis, history of pedagogy.

Баланы жаш кезден тарбиялоо натыйжалуу болору ар дайым айтылып келгендиги баарыбызга маалым. Кыргыз педагогикасы - анын ичинен мектепке чейинки тарбияны ар тараптан өнүктүрүү маселелерине биринчилерден болуп көнүл бурган белгилүү педагог-М.Р.Рахимова болгон. Окумуштуунун жазган эмгектерине сарп – сереп салып көрсөк, жазылган 90дон ашык эмгегинин ар бири өзүнчө баалуулукка ээ. Ар бир жазган эмгегин зор изденүү, тарыхый маалыматтарга таянуу менен жазган. Илимге суусап, мектепке чейинки балдарды тарбиялоо маселеси эң актуалдуу болуп турганда бул китептер баа жеткис эле[1].

Профессор М.Р.Рахимованын эмгектери ар бир мезгилдин талабына жооп берип тургандай, издеген суроого жооп тапкандай болгон баалуулукка ээ. СССРдин мезгилинде улуттук баалуктарга көңүл бурулбай, “борбордон” чыккан программа менен гана окутулуп, мисалдар башка жактардан алынуу менен билим берилип жаткан мезгилде да, алгачкылрдан болуп тарбиячыларга жардам ирээтинде кыргыздын улуттук көрөнгөсүнөн чыккан материалдарды камтыган окуу усулдук колдонмолорун чыгара баштаган[2].

Кыргыз тилин унутуп бара жаткан жаш жеткинчектерди эне - тилин үйрөтүүгө чакырык таштаган эмгектери жарык көрө баштаган. Жаш жеткинчектерди тарбиялоо эң таттаал процесс экендиги айтпаса да түшүнуктүү. Мына ушул маселелерди чечүүгө, жаш тарбиячыларга жардам берүүнү алдындагы милдети катары караган окумуштуу бул маселелерге кылдаттык менен өзгөчө көңүл бурган[3].

Этнопедагогика илими улуттук тарбия, каада-салтты, үрп-адатты өзүнө камтыган эң баалуу илим. М. Рахимовна мына ушул илимдин өнүгүшүнө өз салымын кошуп, анын негизин мектепке чейинки тарбия берүү аркылуу ачып бергиси келген.

Бүгүнкү күнү бала-бакчада тарбиячы болуп ишке жаңыдан киришип, алган теориялык билимдерин практика менен кантип айкалыштырып, иш жүзүнө ашырууда кыйналган жаш тарбиячылар деле аз эмес. Бала- бакчалардагы иштөө принциби да өзгөрүлдү. Ата-энелердин, жашоонун талабы жогорулоо менен балдар да өзгөрүлүп жаткан мезгилде жаш тарбиячыларга сөзсүз түрдө методикалык жардам керек. Бул жазылган макалада ушул жаш тарбиячыларга жардам берүү максатын коюп, окумуштуу М.Р.Рахимованын калтырган педагогикалык накыл ойлору, изденген чыгармалары аркылуу кандай жардамдарды алса болот деген суроонун айланасында, педагог-окумуштуунун кээ бир эмгектерине токтолуп, кайсы маселени чечүүдө, кандай эмгектерин пайдаланса боло тургандыгы боюнча кыскача ой бөлүшкүм келет[4].

Тарбиячы катарында мектепке чейинки тарбия берүүнүн тарыхы, дегеле кантип пайда болуу тарыхын билгиңиз келсе «Кыргызстанда совет бийлигинин жылдарындагы мектепке чейинки тарбия берүү» деген 1967- жылдагы басылып чыккан эмгектеринен таба аласыз. Автордун эмгеги архивдик маалыматтар менен тастыкталган. Ар бир аймак боюнча канча бала бакча болгондугун жана кадр маселесинин чечилиши, алардын өздүк билимин өркүндөтүүгө карата жүргүзүлгөн иштер боюнча кызыктуу фактылырды табууга болот. Көп улуттуу Кыргыз республикасындагы ар кандай улуттарга көрүлгөн камкордук жана ал маселелердин чечилиши камтыган. Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги жана согуштан кийинки убактагы мектепке чейинки тарбия берүү боюнча эн кызыктуу маалыматтарды табууга болот. Автор турмуштун кыйын мезгилинде да биздин келечегибиз болгон балдарга көңүл бурулгандыгын, келечектен үмүт үзбөй, жакшы күндөр алдыда экендигин көрө билгендигин көрсөткөн. Тарыхый сүрөттөр менен коөздолгон бул китеп - окуган ар бир адамда негизги маалыматтар менен катар жылуу сезимдерди пайда кылат[5].

М.Рахимова «Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбиянын калыптанышы жана анын келечектеги өнүгүүсү»- деген 1974- жылы чыккан эмгеги буга чейинки жазылган эмгектерин дагы толуктоолор менен жаңы кызыктуу идеяларды берген. Бул эмгекте эң негизги көңүл буруучу маалыматтын бири бул - педагогдун улуттук оюндарга көңүл бөлгөндүгү, (152бет.) автор кыргыз элинин улуттук кыймылдуу оюндары баланын дене түзүлүшүн гана өстүрбөстөн, акыл эсинин жана нравалык жактан да өнүгүүсүнө таасир этерин белгилеген. Ошондой эле бул эмгектен усулдук жактан кандайча өнүккөндүгүнүн этаптары менен бирге мектепке чейинки тарбия берүүнүн системалуу анализин көрө аласыз. Бул эмгек андан ары да улантылып 1992-жылы орус тилинде, 1993-жылы кыргыз тилинде «Кыргыз республикасындыгы мектепке чейинки тарбиялоо системасынын өнүгүшү» ( 1917-1992) деген ат менен толукталып, кайрадан басылып чыккан[6].

Ар дайым тарбиялоодо балдарды адептүүлүккө тарбиялоо эң актуалдуу маселелердин бири болуп кала бермекчи. М. Рахимова да бул теманы унутта калтырып койгон эмес. 1978-жылы чыккан «Балдарды эмгекте адептүүлүккө тарбиялоо» деген эмгегинде окумуштуу бул проблемага кайрылып өтөт. Быйылкы 2017-жыл Кыргыз республикасынын президенти

А.Атамбаев тарабынан “Ыйман, адеп жана маданият” – жылы деп жарыяланды. Ушуга байланыштуу тарбиялык сабактарды өткөрүүгө керектүү маалыматтарды алууга болот. Жаш тарбиячылар бул эмгектен адамды тарбиялоонун жана калыптандыруунун башкы фактору эмгек экендигин белгилегендигин жана ал бүгүнкү күнү да өз маанисин жоготпогондугуна күбө болушат. Эмгекке тарбиялоодо үй- бүлөнүн ролун жана милдетин ачык жана так берген. Балдарды өзүн-өзү тейлөө иш аракеттери  боюнча 14 бөлүмдөн турган машыгуу жана адатка айлануучу көндүмдүктөрдүн тизмегин берген. Эң кызыктуусу канча убакыт өтсө да анын бирин да алып таштоого мүмкүн эмес экендиги, анткени анын баары эң керектүү өзүнүн маанисин жоготпогон иш аракеттер болуп саналат. Жаш тарбиячылыр үчүн тиркемеде берилген маалыматтар баалуу, анткени анда программанын мазмуну, берилүүчү суроолор жана сабактын жүрүшү берилген[7].

1998-жылы «Педагогика тарыхынын очерктери» деген көлөмдүү окуу куралы орус жана кыргыз тилдеринде жарык көрөт. М. Рахимова мезгилдин талаптарын куроо кан тамырын кармап сезгендей билип тургандай окумуштуу болгондугун эмгектери аркылуу бааласа болот. Бул жылдары Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуп,  улуттун социалдык-экономикалык жана маданий – тарыхый өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен билим берүүгө тиешелүү маселелерди  түп тамырынан бери карап чыгууну талап кылып жаткан мезгил эле. Педагогдорго эң маанилүү болгон педагогика илиминин стандарттуу бөлүгүнүн жакшы жактарын алып калуу менен бирге улуттук өнгүттө карап чыккан. Кесиптештери педагогика илимдеринин докторлору Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. менен бирдикте чоң эмгекти жаратышкан. Бул эмгекте педагогикалык процецесстин өнүгүүсүндө кыргыз элдик педагогиканын ролун жана ойлорун көрсөтүүгө аракет жасалган. Элдик педагогиканын көптөгөн кылымдар бою жаштарды тарбиялоо ишинде топтогон тажрыйбаларын жана педагогикалык көз караштарын, түшүнүктөрүн алып чыгышкан. Бул эмгек улуттук маданияты жогорулатууга, улуттук педагогиканын мыкты салттарын илимий жактан таанууга, үйрөтүүгө жана практикалык жактан пайдаланууга арналган[8].

Окумуштуулар бул эмгекте Кыргызстандын эгеменлүүлүк шартында демократиялык-гуманисттик принциптерге негизделип, элдин басып өткөн жолундагы тарыхый этаптарды эске алышкан.

Кыргызстанда педагогиканын пайда болуу жана өнүгүү тарыхы, педагогиканын маанилүү проблемаларын, тажрыйбаларын ачып берүү менен мугалимдердин түздөн-түз практикалык ишмердүүлүгнө жардам бере алат. Эмгекте дүйнөлүк илимдер менен катар элдик педагогикага да басым жасалып, кыргыз улуттук фольклору-эпостор, ырлар, жомоктор, макал – лакаптарды, кыргыз акын – жазуучуларынын эмгектерин булак катары пайдаланылган[9].

Негизинен эмгек сегиз баптан туруп, ар бир баптын аягында өз алдынча иштөө үчүн негизги багыттар жана негизги колдонуучу адабияттар берилген. Окууган окурман үчүн бул окуу куралы менен эле чектелип калбастан андан ары да өз билимин анализдөөгө жана өркүндөтүүгө шарт түзгөн.

М.Р.Рахимова бул эмгеги аркылуу кыргыз педагогикасы дүйнөлүк педагогиканын бир бөлүгү экендигин жана ал улуттук көрөнгүсүнөн чыккан маалыматтарга бай экендигин, тажрыйбасы мол экендигин далилдеген.

2002-жылы басылып чыккан «Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы» - деген окуу куралы педагогика тармагында иштеген педагогдор үчүн эң керектуу окуу куралы болуп саналат. Улам жаңы маалыматтар менен толукталган бул эмгек бүгүнкү күнү да өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок[10].

Коомдун өзгөрүүсү менен катар мугалимдерге, анын ичинде билим берүү жана тарбиялоо процессине болгон талаптар да өзгөрүлө баштады. Педагогдордун алдына жаңы милдеттер жеке инсанга багытталган билим берүү, баланын өзгөчөлүгүн эске алуу, мектептеги тажатма сабактардан арылуу кызыктуу, окуучуну ойлондура турган интерактивдүү ыкмаларды колдонгон сабактарды өткөрүү талабы коюла баштады. Мына ушундай мезгилде М.Рахимованын кесиптештери менен бирге жазган «Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы» - деген эмгеги жарык көрдү. Бул эмгек мугалимдердин көптөгөн суроолоруна жооп берген баалуу окуу куралдарынын бири болуп калды.

Эмгек он беш баптан туруп, негизги: Педагогика илими жөнүндө, гумандуу педагогика эмне экендиги боюнча так маалыматтарды камтыган ойлорду, педагогикалык кызматташтыктын түрлөрү, стратегиялары, коммуникативдик байланыштар , педагогикалык кесиптин көп кырдуулугун, жөндөмдүүлүгүн жана чеберчиликтин, чыгармачылыктын сырларын билүүгө жардам берет[11].

Окумуштуу эмгектин экинчи бөлүмүн педагогикалык процесстин орчундуу бөлүгү болгон -окутуу маселесине арнаган. Ошондой эле билим берүүнүн мазмунун аныктаган – окутуунун жана өнүгүүнүн каржаттары деген бөлүмдө билим берүү стандартына, окуу программаларына жана китептерине тиешелүү болгон маселелерге кайрылган.

Мугалим үчүн эң керек болгон окутуунун усулдары, түрлөрү, окутуунун каржаттары жана жаңы технологиялар жөнүндөгү маалматтарды өз ишибизде пайдаланууга толук мүмкүнчүлүк бар. Билим берүү менен катар тарбиялоо иши да чоң мааниге ээ экендиги барыбызга белгилүү. Бул эмгекте биз үчүн абдан керек болгон тарбиялоонун принциптери, усулдары жөнүндө түшүнүктөрү алууга болот. Автор баланы тарбиялоодо коллективдин ролун өзгөчө белгилеп өткөн. Бул маселеге байланышкан проблемалар боюнча толук маалыматтарды алууга болот.

Мектепте ар бир мугалимге кошумча жумуш катары класс жетекчи болуп иштөөгө да туура келет. Кантип иштеп эмнеден баштоо керек жана кандай тарбиялык иштердин багыттары, ишти кантип пландоо керек экендиги жөнүндөгү маалыматтарды 13 баптан таап алып өз ишибизде пайдаланууга болот.

Ошондой эле инсанга багытталган билим берүү жана анын түрлөрү боюнча кызыктуу ойлорду таба аласыз. Эң негизги ар бир жаш мугалимди кызыктырган , толгон токой суроолого жоопту «Педагогикалык инновациялар» - деген баптан таба аласыз. Бул маалыматтар сиздин жаңыланууңузга жол ачат.

Бул эмгек мугалимдер үчүн кесипттик жактан билимин өркүндөтүүгө жардам бере алат.

Акыркы жылдарда мектептерге жаңы кызмат орун , башкача айтканда "социалдык кызматкер" деген кызмат пайда болду. Негизги функциясы ата-энелер менен, үй-бүлөө менен жана жүрүм-туруму боюнча кооптуу балдар менен иштөө. Бул ишти кандай багытта жүргүзөбүз деген чоң суроону коюп, эмне кылабыз деп турганда бул маселени М.Рахимованын 2009- жылы чыккан «Социалдык педагогика» деген китеби аркылуу чечип койгондугун билдик. Бул эмгек социалдык педагогдун стол үстүндөгү эң керектүү колдонмосуна айланды. Биз дагы бир жолу чыныгы педагогдун алдын ала проблемаларды көрө билгендигин жана аны чечүүгө жасаган иш аракеттерине күбө болдук[12].

Педагогика тармагында аттын кашкасындай белгилүү болгон М.Р.Рахимова мугалимдердин өздүк билимдерин өркүндөтүүгө да көңүл бурган. Мугалим ар дайым өз билимин өркүндөтүп турууга муктаж экендигин практика тастыктады. Ар дайым өткөндүн

каймагын калпып, бүгүнкү күндү анализдеп, келечекке максат менен баруу – бул мезгилдин талабы экендигине жол көрсөтүп берди. Бул макалада биз окмуштуунун кээ бир гана эмгектерине токтолуп, ал эмгектеринде жаш мугалимдердин кандай жардамдарды алып өз иштеринде колдонсо боло тургандыгына кыскача токтолуп өттүк. Бул эмгектер кыргыз элине көп жылдар боюу кызмат кыла берет деген ойду айтуу менен ушундай мурас калтырган профессор М.Р.Рахимовага чоң ыраазычылык билдиргим келет.

**Адабияттар:**


1. Рахимова М. Р. История дошкольного воспитанияв Киргизии в 1917-30 гг. -Ф., 1962 г.
2. Рахимова М. Р. Становление дошкольного воспитания в Киргизии и перспективы его дальнейшего развития. - Ф.: «Мектеп», 1974 г.
3. Рахимова М. Р. Истории развития дошкольного образования в Кыргызстане. –Б.: «Эмгек», 1992 г.
4. Рахимова М. Р. Педагогика тарыхынын очерктери. - Бишкек:«Билим», 1998г.
5. Рахимова М. Р. Кыргызская этнопедагогика и ее роль в воспитании молодежи. - Бишкек, 1998 г.
6. Рахимова М. Р. Детский сад. -Бишкек, 1999 г.
7. Рахимова М. Р. Мөл-булак. -Бишкек, 2000 г.
8. Рахимова М. Р. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. - Бишкек, 2007г.
9. Рахимова М. Р. Социалдык педагогика. - Бишкек, 2004 г.
10. Рахимова М. Р. Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки тарбия системасынын өнүгүшү. (1917-2009)-Б., 2009.
11. Мамбетакунов Э, Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Б., 2008.
12. ЯкиманскаяИ. С. Личностно/ориентированное обучение в современной школе. – М., 1996.


**Рецензент: к. филол. н., доцент Сабитова Э. С.**